ТҮРК МАМЛЕКЕТТЕРИНИН ПАРЛАМЕНТТИК АССАМБЛЕЯСЫ

ЭКОНОМИКАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК БОЮНЧА КОМИССИЯСЫ

ОН ЭКИНЧИ ЖЫЙЫН

Анкара (онлайн), 2025-жылдын 25-февралы

СУНУШТАР

Энергетикалык коопсуздук экономиканы туруктуу өнүктүрүүнүн фактору катары

Парламенттик Ассамблея:

ТҮРКПАга мүчө мамлекеттеринин экономикасынын туруктуу өнүгүүсү үчүн энергиянын коопсуздугун камсыз кылуу максатында бар мүмкүнчүлүктөрдү колдонуу зарылдыгын түшүнүү менен;

ТҮРКПАга мүчө мамлекеттеринин ортосундагы энергия кызматташтыгын институционалдаштыруу үчүн интеграцияланган Түрк Энергетика Рыногун түзүү аркылуу шарттарды түзүүнүн маанисин баса белгилөө менен;

Бириккен Улуттар Уюмунун Туруктуу өнүгүү максаттарына, атап айтканда Туруктуу өнүгүүнүн 7 максаты: – "бардык адамдар үчүн арзан, ишенимдүү, туруктуу жана заманбап энергияга жетүүнү камсыз кылуу", жетишүүдөгү милдеттенмелерибизди кайталап;

ТҮРКПА аймагынан өтүүчү транзиттик маршруттардын эл аралык келишимдер менен түзүлгөн шарттарын соода жана экономикалык өнүгүүнү стимулдаштыруу үчүн жакшыртуунун зарылдыгын таанып;

Бардык ТҮРКПА мүчө мамлекеттеринин улуттук экономикаларын чыңдоого багытталган өз ара кызматташтык иш-чараларын ар жылы кабыл алуу менен;

ТҮРКПА аймагындагы жалпы экономикалык кызматташтыкка салым кошууга чакырган тараптын сунушун колдоонун маанилүүлүгүн тастыктоо менен;

Геосаясий жана эл аралык энергия жагдайы улам татаалданып бараткан учурда, ТҮРКПА кызматташтыгы өз ара пайдалуу соода механизмдерин жакшыртууга багытталышы керек экендигин түшүнүү менен;

Туруктуу өсүш жана экономикалык өнүгүүнүн маанилүү элементи катары соода жана экономикалык кызматташтыкты стимулдаштыруу үчүн транзиттик потенциалды арттыруу зарылдыгын түшүнүү менен;

Энергияны өндүрүү жана колдонуу менен байланышкан бардык улуттук экономиканын тармактарында мыйзам чыгаруу, бюджеттерди бекитүү, ресурстарды мобилизациялоо аркылуу парламенттердин жана парламентчилердин ролун атайын белгилөө менен,

ТҮРКПАга мүчө мамлекеттеринин парламенттерине төмөнкүлөрдү сунуш кылат:

a) ТүркПАга мүчө өлкөлөрдүн мыйзамдарын шайкеш келтирүү жана жакындаштыруу менен энергетикалык коопсуздукка байланышкан укуктук базаны өркүндөтүү;

b) ТүркПАга мүчө мамлекеттердин ортосундагы Энергетикалык диверсификация жана таза/"жашыл" энергетика жаатында, өзгөчө күн, шамал, ядролук, биоэнергия сыяктуу энергиянын кайра жаралуучу булактары жаатында биргелешкен инвестициялар, билим, тажрыйба жана "ноу - хау" тажрыйбасын алмашуу аркылуу кызматташууну камсыз кылуу;

c) тиешелүү тармактагы ТүркПАга мүчө өлкөлөрдүн мыйзамдарын жакындатуу максатында кызыкдар тараптардын энергетикалык коопсуздугун жана экономикалык потенциалын ишке ашырууга багытталган инвестициялык программаларды натыйжалуу пайдалануу

менен байланышкан мыкты улуттук жана эл аралык тажрыйбаларды изилдөө;

d) ТүркПАга мүчө мамлекеттер үчүн коопсуз, туруктуу, атаандаштыкка жөндөмдүү жана жеткиликтүү энергияны камсыз кылуу үчүн саясатты координациялоо, энергоресурстар менен соода жүргүзүүгө көмөктөшүү, инвестициялар, энергетикалык продуктуларды өндүрүүгө кошулуу, илимий - техникалык кызматташтык аркылуу энергетика жаатында ТүркПАга мүчө мамлекеттердин ортосунда стратегиялык өнөктөштүктү түзүү.;

e) ТүркПАга мүчө мамлекеттердин керектөөлөрүн канааттандыруу, аларды альтернативдүү маршруттар менен камсыз кылуу, ошондой эле европалык жана глобалдык энергетикалык коопсуздукка өз салымын кошуу үчүн региондо Баку-Тбилиси-Жейхан, Баку-Тбилиси-Эрзурум, Түштүк газ коридору жана анын түзүүчүлөрү - Трансанатолий газ түтүгү (ТГТ) жана ТРАНСАДРИАТИКАЛЫК газ түтүгү сыяктуу энергетикалык инфраструктуранын стратегиялык долбоорлорун өнүктүрүү;

f) чыгымдарды азайтуу жана заманбап энергетикалык технологияларды, атап айтканда энергияны үнөмдөө жана энергияны сактоо менен байланышкан технологияларды колдонууну кеңейтүү максатында изилдөөлөрдү жана инновацияларды жүргүзүүдө өкмөттөр менен жеке сектордун тыгыз кызматташтыгын камсыз кылуу, ошондой эле нефтехимиялык продукцияны биргелешип өндүрүүнү жана бөлүштүрүүнү жолго коюу.;

g) эл аралык энергетика агенттигин (ЭЭА), энергиянын кайра жаралуучу булактары боюнча эл аралык агенттикти (БЭК) жана энергетикалык хартияны кошкондо, бирок аны менен чектелбестен, эл аралык уюмдар менен тыгыз кызматташтыкты түзүү;

h) ТүркПАга мүчө мамлекеттердин ортосундагы энергетикалык кызматташтыкты жеткирип берүүчү - керектөөчү мамилесинен энергетиканы диверсификациялоо жана таза/жашыл энергетикага басым жасоо үчүн энергетикалык коопсуздукка жана натыйжалуулукка өбөлгө түзүүчү технологиялык кызматташууга өтүү;

i) шаардык жана айылдык райондордо жашаган үй- чарбалары жана коомчулук үчүн арзан баадагы таза/экологиялык таза энергия булактарына жана акыркы пайдаланылуучу кызмат көрсөтүүлөргө жалпы жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу;

j) өнөр жай, айыл чарба, энергетика, транспорт жана кайра жаралуучу энергия булактары, төмөн көмүртектүү өнүгүү боюнча кеңири эл аралык алмашууну жана мыкты технологиялардын ар түрдүүлүгүн өнүктүрүү;

к) энергияны аз бөлүп чыгаруучу тармактарды тездетүүчү, булгануу азайтуучу жана ресурстардын натыйжалуулугун оптималдаштыруучу жашыл санариптик чечимдерди ишке киргизүүнү колдоо;

l) пайдалуу кендерди чалгындоо жана казып алуу боюнча долбоорлордун алкагында өндүрүлгөн мунайды жана жаратылыш газын эл аралык рынокторго ташууга мүмкүндүк берген Транскаспий газ түтүгүнүн долбоору боюнча жалпы позицияны ээлөө.;

m) Мунай жана газды өткөрүү-таратуу түтүктөрү, сактоо жайлары жана башка инфраструктура боюнча алдыдагы инженердик долбоорлоо, инженердик, техникалык кеңеш берүү, курулуш жана эксплуатация чөйрөсүндө кызматташтык мүмкүнчүлүктөрүн түзүүнү, ошондой эле жогорку, орто жана төмөнкү агымдагы долбоорлорду жана мунай-газ соодасын өнүктүрүү;

n) түтүктөрдү башкаруу жана модернизациялоо чөйрөсүндө тажрыйба алмашуу аркылуу билим жана технологияларды өткөрүп берүү мүмкүнчүлүгүн изилдөөнү, биринчи кезекте БОТАŞ Мунай Түтүктөрү Корпорациясынын түтүк коопсуздугу жана SCADA (Башкаруу жана Маалыматтарды Жыйноо Системасы) чөйрөсүндөгү тажрыйбасы жана технологияларын өткөрүп берүү менен баштоону;

o) энергия өндүрүүчүлөр менен да, потенциалдуу керектөөчүлөр менен да кооперациялык байланыштарды кеңейтүү жана энергия үнөмдөөчү технологияларга өтүүнү камсыздоо, ошондой эле электр станцияларын куруунун жана модернизациялоонун эсебинен тармактын кубаттуулугун көбөйтүү;

p) энергиянын натыйжалуулугун жогорулаткан, жаңы энергия кубаттуулуктарын ишке киргизүүнү гана эмес, ошол эле учурда электр станцияларынын эскирген жабдууларын алмаштырууну, айлана-чөйрөгө болгон жүктү азайтуучу жана жаңыланууучу энергия булактарынын экологиялык жактан таза курулмаларын өнүктүрүү үчүн каржылык ресурстарды бошотууну камсыз кылган жогорку экономикалык жабдууларды колдонуу;

q) иштеп жаткан жана реконструкцияланып жаткан объекттердин продукцияларына, технологияларга жана жабдууларга энергия үнөмдөөчү экспертиза жүргүзүүгө; энергонатыйжалуу жабдууларды

жана продукцияларды киргизүү боюнча долбоорлордун ишке ашырылышын камсыз кылууга; энергияны өндүрүү жана керектөө режимдерин оптималдаштырууну ишке ашырууга, аны эсепке алууну жана контролдоону уюштырууга; энергетикалык ресурстарды үнөмдөөнү камсыз кылуучу жаңыларын киргизүүгө жана колдонуудагы курулуш ченемдерин жана эрежелерин өркүндөтүү;

r) өндүрүштү стимулдаштыруу жана энергиянын кайра жаралуучу булактарын, ошондой эле табигый энергетикалык ресурстарды пайдаланууну жөнгө салуу механизмдерин жана инструменттерин пайдалануу үчүн, ошондой эле калкты энергонатыйжалуу өндүрүштөрдү пайдаланууга умтулуу жана аларды энергияны үнөмдөөчү жүрүм-турумга үйрөтүү үчүн бир катар фискалдык жана административдик чараларды көрүү.